| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ |
|---|---|

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXV сессиясы**

**Токтом № 113**

Сүлүктү шаары 19.05.2023ж

**Сүлүктү шаардык кеңешинин 14.05.2021-ж. № 1 токтому менен кабыл алынган Сүлүктү шаардык кеңешинин регламентине толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

*(шаардык кеңештин 31.01. 2022-ж. X сессиясынын №34, 26.12.2022ж. XXI сессиясынын №76 токтому менен өзгөртүү жана толуктоолор киргизилген)*

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Мыйзамынын 2-главасынын 5-беренесинин 8-пункту, 3-главасынын 8-беренсинин 6-пункту жана 10-беренесинин 4-пункутунун негизинде Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына "Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 10, 17- беренелерине ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин 14.05.2021-ж. №1 токтому менен кабыл алынган Сүлүктү шаардык кеңешинин регламентинин 2-главасына 2.2 –пунктуна кошумча төмөнкүдөй толуктоо киргизилсин:
   - "Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмегин бекитүү";
2. Регламентти ушул токтом менен киргизилген өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго ылайык келтирүү жагы шаардык кеңештин аппаратына милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Мыйзамдуулук депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Р. М. Жайнаков

Сүлүктү шаардык кеңешинин
14.05.2021-жылдын
№1 токтому менен кабыл алынган

**31.01.2022-ж. X сессиянын №34, 26.12. 2022-ж. XXI сессиясынын №76, 19.05.2023ж. кезексиз XXV сессиясынын №113 токтому менен өзгөртүү киргизилген**

Сүлүктү шаардык кеңешинин (7-чакырылышынын)

РЕГЛАМЕНТИ

I БӨЛҮМ. Жалпы жоболор
1-глава. Депутаттардын Сүлүктү шаардык кеңеши
2-глава. Шаардык кеңештин компетенциясы

II БӨЛҮМ. Шаардык кеңештин түзүмү
3-глава. Шаардык кеңештин төрагасы жана орун басарлары
4-глава. Шаардык кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссиялары

III БӨЛҮМ. Депутаттык Фракциялар
5-глава. Депутаттык фракциялар жөнүндө жалпы жоболор
6-глава. Депутаттык фракциялардын ишмердүүлүгү
7-глава. Фракциялардын коалициясы
8-глава Депутаттык фракциялардын шайлоочулар менен өз ара мамилеси. Шайлоочулардын суроо талаптары.

IV БӨЛҮМ. Шаардык кеңештин ишинин жалпы тартиби
9-глава. Шаардык кеңештин биринчи сессиясы
10-глава. Шаардык кеңештин ишин пландоо
11-глава. Сессияда каралуучу маселелерди даярдоо жана сессияда кароо тартиби
12-глава. Шаардык кеңештин сессияларын өткөрүү тартиби
13-глава. Депутаттык мандат
14-глава. Добуш берүү жана чечим кабыл алуу тартиби
15-глава. Шаардык кеңештин сессияларынын отурумдарынын протоколдору жана стенограммалары
16-глава. Шаардык кеңештин ченемдик укуктук актылары

V БӨЛҮМ. Шаардык кеңештин регламенти
17-глава. Шаардык кеңештин регламентине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби.

## I БӨЛҮМ Жалпы жоболор

## 1-глава. Депутаттардын Сүлүктү шаардык кеңеши

1.1.Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, Мыйзамына ылайык депутаттардын Сүлүктү шаардык кеңеши (Мындан ары шаардык кеңеш) шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун өкүлчүлүктүү органы болуп саналат жана юридикалык статуска ээ.

Шаардык кеңеш шаардын тийиштүү аймагында жашаган жарандардын бирдей жана тике шайлоо укугунун негизиндне 4 жылдык мөөнөткө жашыруун добуш берүү менен шайланган депутаттардан турат.

1.2. Шаардык кеңеш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана ченемдик укуктук актыларын жетекчилике алып өзүнүн компетенциясына кирген маселелерди өз алдынча чечет, чыгарган токтомдорун аткарууну камсыздайт жана иш жүзүнө ашырылышына көзөмөл жүргүзөт.

1.3. Шаардык кеңештин ыйгарым укуктарынын чегинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген чечимдерин шаардын аймагында жайгашкан мекеме ишканалар (менчик формасына карабай) жана жарандар аткаруусу милдеттүү.

1.4. Шаардык кеңештин регламенти шаардык кеңештин ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартибин, уюштуруу маселелерин, сессияларды чакыруу жана өткөрүү тартибин, шаардык кеңештин аппаратынын калыптануу тартибин белгилейт жана көзөмөлдөө иш тартибин аныктайт.

- шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы саны Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамы менен аныкталат.

1.5. Шаардык кенештин иши мыйзамдуулукта, коллегиалдуу, көп партиялуулукта, объективдүүлүктө, депутаттардын маселелерди эркин талкуулоого жана чечим кабыл алуу принциптерине негизделет. Шаардык кеңештин сессиялары ачык жана зарыл учурларда депутаттардын сунушу менен жабык түрүндө мыйзам ченеминде өткөрүлөт.

1.6. Шаардык кеңештин депутаттары Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдары жана ченемдик укуктук актылары, ошондой эле ушул Регламенттин негизинде өздөрүнүн укуктарын жана милдеттерин ишке ашырат.

## 2-глава. Шаардык кеңештин компетенциясы

2.1 Шаардык кеңеш Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына ылыйык төмөнкү маселелерди карайт жана чечим кабыл алат:

1) жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруу тартибин белгилөө;

2) жергиликтүү бюджетти жана аны аткаруу жөнүндө отчетту бекитүү, ошондой эле бюджетти аткаруунун жүрүшү жана бюджеттик эмес фонддорун пайдалануу жөнүндө маалыматты угуу;

3) аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларын бекитүү жана аларды аткарууруну контролдоо;

4) жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана алар боюнча жеңилдиктерди жүргүзүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда алар боюнча ставкаларды аныктоо;

5) жергилилтүү жамааттын муниципиалдык менчигин пайдалануунун жана ага ээлик кылуунун тартибин аныктоо, анын ичинде муниципиалдык менчиктин обьектилерин менчиктештирүү программаларын бекитүү жолу менен аныктоо, муниципиалдык менчиктин пайдаланышына көзөмөлдү ишке ашыруу;

6) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү аткаруу органынын башчысынын, жергиликтуу өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын иши жөнүндө отчетун угуу жана канааттандырылышы боюнча жабык түрдө добуш берүү;

7) Мыйзамдарда белгиленген учурларда депутаттардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу;

8) жергиликтүү жамааттардын уставын бекитүү;

9) тиешелуу мамлекеттик бийлик органдарына киргизүү максатында административдик – аймактык түзүлүш боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

10) шаардык кеңештин төрагасын, анын орун басарларын шайлоо, аларды кызмат орундарынан бошотуу, шаардык кеңештин төрагасынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келүүчү чечимдерин жокко чыгаруу;

11) Шаардык кеңештин регламентин кабыл алуу жана өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү;

12) өз чечимдерин аткарылышына көзөмөл кылуу жана аткарылбаган чечимдерге жооптуу кызмат адамдарына чара көрүү максатында тийиштүү компетенттүү мамлекеттик органдарга сунуш жолдоо;

13) муздак сууну, канализацияны, жылуулук менен камсыз кылууну пайдалангандык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык катуу тиричилик таштандыларын жыйнагандык, ташып чыгаргандык жана жок кылгандык үчүн тарифтерди бекитүү;

14) алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуунун, ырым – жырымдарды өткөрүүгө тыюу салууга чейин чектөөлөрдү аныктоо;

15) ирригациялык тармактарды, үйдөгү жана үй жанындагы участкаларды күтүүнүн тартибин аныктоо;

16) жергиликтүү жамааттын уставына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка маселелерди чечүү;

17) Шаардын стратегиялык өнүгүү боюнча кабыл алынган программасын бекитүү жана аткарылышы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына сунуштарды берүү.

**2.2. Шаардык кеңештин кошумча ыйгарым укуктары:**

-Кыргыз Республикасынын Мыйзамы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамында белгиленген нормаларга ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысына ишенбестик билдирүү;

- мыйзамдарда бекитилген шаар жерлерине салыктын базалык ставкалардын чегинде шаар жерлерине салыктын жиктелген ставкаларын белгилөө;
- шаардын мэрине ишенбестик билдирүү жана бюджетти, аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларын жана анын компетенциясына кирген башка маселелерди аткарбагандыгынан улам жергиликтүү өз алдыча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын ээлеген кызматына шайкештиги жөнүндө маселени кароо тууралуу сунуш киргизүү”;
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин негизинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен тартипте муниципалдык баалуу кагаз эмиссиялоо жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу;
- Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмегинбекитүү.

## II БӨЛҮМ. Шаардык кеңештин түзүмү

## 3-глава. Шаардык кеңештин төрагасы жана шаардык кеңештин төрагасынын орун басарлары

### Шаардык кеңештин төрагасы

3.1. Шаардык кеңештин төрагасы шаардык кеңештин сессиясында шаардык кеңештин депутаттарынын ичинен жашыруун добуш менен шаардык кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө шайланат.

3.2. “Кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү укугуна депутаттык фракция же 5 депутаттан кем эмес сандагы топ ээ”.

3.3. Эгерде шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгү катышса, шаардык кеңештин төрагасын шайлоо болуп өттү деп эсептелет.

Шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушун алган талапкер шаардык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна шайланды деп эсептелет.

3.4. Тиешелүү жергиликтүү кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүүнүн жана шайлоонун тартиби жана башка шайлоонун жол-жоболук маселелери тиешелүү жергиликтүү кеңештин регламентинде аныкталат.

3.5. Шаардык кеңештин төрагалыгына эки талапкер катталса жана алардын бири да добуштардын зарыл болгон санын албай калса, добуштардын көбүрөөк санын алган бир талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт.

3.6. Шаардык кеңештин төрагасынын шайлангандыгы тууралуу шаардык кеңештин токтому кабыл алынат.

3.7. Шаардык кеңештин төрагасы илимий, педагогикалык жана башка чыгармачылык ишти кошпогондо, акы төлөнүүчү башка кызмат ордун ээлөөгө укуксуз.

3.8.Шаардык кеңештин төрагасы өзүнүн милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда, шаардык кеңештин депутаттарынын үчтөн биринин демилгеси боюнча, депутаттардын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмесин добуштары менен ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн.

3.9. Шаардык кеңештин төрагасы төмөнкүлөргө укуктуу жана милдеттүү:

- шаардык кеңештин пландаштырылган сессиясын жана ченемдик – укуктук актыларда, ушул регламентте каралган талаптар боюнча кезексиз сессияны чакырат, алардын отурумун өткөрөт;

- шаардык кеңештин сессиясын жана шаардык кеңештин сессиясында каралуучу маселелерин даярдоого жалпы жетекчилик жүргүзөт;

- шаардык кеңештин токтомдоруна жана чечимдерине кол коет жана алардын аткарылышын көзөмөлдөөнү уюштурат;

- шаардык кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссияларынын ишин координациялайт;

- шаардык кеңештин аппаратынын ишин көзөмөлдөйт;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан депутаттардын шаардык кеңешинин сессиясында кабыл алган токтомдорунун, туруктуу, убактылуу комиссияларынын тиешелүү чечимдеринин аткарылуусун көзөмөлдөйт.

- депутаттарга аларга ыйгарым укуктарын ишке ашырууларына, жарандарды кабыл алууга, шайлоочулардын алдында отчет берүүгө жана аларды маалымат менен камсыздоого көмөк көрсөтөт, депутаттардын укуктарын жана милдеттерин ишке ашырууга байланышкан маселелерди карайт;

- өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча чечим чыгарат;

- шаардык кеңешке бөлүнгөн каражаттарды шаардык кеңештин бекитилген бюджетине жана чыгаша сметасына ылайык башкарат;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоого, ардактуу наамдарын ыйгаруу жөнүндө өтүнүч берет

- шаардык кеңештин “Ардак грамотасы” жана депутаттардын 2/3 макулдугунун негизинде “Ардактуу атуул” наамы менен сыйлайт.”

3.10. **Шаардык кеңештин төрагасынын орун басарлары**

- Шаардык кеңештин төрагасынын 2 орун басары болот.

- Шаардык кеңештин төрагасынын орун басарлары сессияда шаардык кеңештин төрагасынын сунушу боюнча шаардык кеңештин депутаттарынын ичинен шайланат.

Шаардык кеңештин төрагасынын орун басарларынын шайланышы тууралуу шаардык кеңештин токтому кабыл алынат;

-Шардык кеңештин төрагасынын тапшырмаларын аткарат, ал жок болгон же өз милдеттерин аткарууга мүмкүнчүлүгү болбогон учурда анын ордуна иштейт;

-депутаттык фракциялар менен өз ара аракеттенет;

Шаардык кеңештин төрагасынын орун басары өзүнүн ээлеген кызмат ордунан шаардык кеңештин депутаттарынын үчтөн биринин демилгеси боюнча депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добуш менен бошотулушу мүмкүн;

Шаардык кеңештин төрагасынын орун басарлары өзүнүн ишин коомдук башталышта жүзөгө ашырат.

## 4-глава. Шаардык кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссиялары

4.1. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары кеңештин карамагына кирген маселелерди алдын ала кароо жана даярдоо үчүн, ошондой эле кеңештин чечимдерин ишке ашырууга катышуу, ушул чечимдердин ведомстволук аймакта жайгашкан мекемелер жана уюмдар тарабынан аткарылышына көзөмөл кылуу үчүн түзүлөт.

4.2 Комиссиянын тизмеси, алардын сандык курамы жана шайлоо тартиби шаардык кеңештин депутаттык фракцияларынын жана депутаттардын сунуштары боюнча шаардык кеңеш тарабынан түзүлөт. Шаардык кеңеш ыйгарым укутарын мөөнөтүнүн ичинде зарылчылыгына жараша, жаңы туруктуу комиссияларды түзө алат, мурун түзүлгөндөрдү таратат жана кайра уюштурат, алардын курамына өзгөртүүлөрдү киргизе алат.

4.3. Туруктуу комиссиялар депутаттык фракциялардын чечими боюнча шаардык кеңештин депутаттарынын ичинен түзүлөт. Туруктуу комиссиялардын курамына шаардык кеңештин төрагасы жана шаардык кеңештин төрагасынын орун басарлары шайланышы мүмкүн эмес.

4.4. Туруктуу комиссиянын жана кеңештин төрагасынын сунушу боюнча туруктуу комиссиялардын курамына өзгөртүүлөрдү киргизет.

4.5. Туруктуу комиссиялардын укуктары, милдеттери, аларды уюштуруунун тартиби жана туруктуу комиссиялардын иши Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамдары, кеңештин Регламенти менен белгиленет.

- Шаардык кеңештин депутаты бир гана туруктуу комиссиянын мүчөсү боло алат, туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү бирдей укукка ээ;

- Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү өздөрүнүн курамынан төраганы жана төраганын орун басарын ачык добуш берүү менен шайлайт;

- Туруктуу комиссиялардын иши мыйзамдуулук, коллегиялык, объективдүүлүк, маселени эркин талкуулоо жана чечим кабыл алуу принциптерине негизделет;

- Туруктуу комиссиялар алардын компетенциясына таандык маселелер боюнча тийиштүү чечим жана корутунду чыгарышат;

- Туруктуу комиссиялар өзүнүн ишине окумуштууларды, адистерди, практик кызматчыларды тартууга укуктуу.

4.6. Туруктуу комиссияларды жетектөөнү тийиштүү комиссиялардын төрагасы ишке ашырат.Туруктуу комиссиялардын чечими шаардык кеңештин сессиясында жокко чыгарылышы мүмкүн.

4.7. Шаардык кеңештин туруктуу комиссиялары өз ишинин негизги багыттары боюнча убактылуу комиссияны түзөт жана комиссиянын курамына жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары, муниципалдык ишканалар жана мекемелер тарабынан

аткарылбаган иш-чараларды көзөмөлдөө, ошондой эле кошумча сунуштарды берүү максатында тийиштүү адистерди чакырат жана киргизе алат.

4.8. Шаардык кеңештин туруктуу комиссиялары өз ишинин негизги багыттары боюнча убактылуу комиссияны түзөт жана комиссиянын курамына жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары, муниципалдык ишканалар жана мекемелер тарабынан аткарылбаган иш-чараларды көзөмөлдөө, ошондой эле кошумча сунуштарды берүү максатында тийиштүү адистерди чакырат жана киргизе алат.

4.9.Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары өзүнүн карамагына кирген маселелер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын, муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин жетекчилерин жана кызматкерлерин угууга укуктуу.

4.10. Туруктуу комиссия орчундуу, ыкчам иш-чараларды, мыйзамдаштырууну талап кылган маселелер боюнча шаардык кеңештин төрагасынан кезексиз сессияны чакырууну сунуштоого укуктуу.

4.11. Туруктуу комиссияларынын отурумундагы каралып жаткан маселе боюнча туруктуу комиссия мүчөлөрүнүн жарымынан көбү кол койгондон тартып, чечим кабыл алынды деп эсептелинет.

4.12. Туруктуу комиссиянын отурумунда анын мүчөлөрүндө кайчылаш пикирлер жаралып, ачык түрдө добуш берүүдө теңдик орун алган учурда маселе туруктуу комиссиянын төрагасы добуш берген тарапка чечилет.

4.13. Туруктуу комиссиялар башка туруктуу комиссиялар менен кошмо жыйын өткөрүүгө укуктуу.

4.14. Туруктуу комиссиялардын кошмо жыйынында, кошмо жыйынды демилгелеген туруктуу комиссиянын төрагасы төрагалык кылат.

4.15. Туруктуу комиссиянын айрым мүчөлөрүнө, комиссиянын отурумуна жүйөлүү себептер менен катыша албаган учурда видео конференция жолу менен катышууга уруксат берилет. Туруктуу комиссиянын отурумун видео конференция шартында өтүлүүсүн шаардык кеңештин аппараты камсыздайт.

## III БӨЛҮМ. Депутаттык фракциялар

### 5-глава. Депутаттык фракциялар жөнүндө жалпы жоболор

5.1. Шаардык кеңештердин шайланган депутаттары партияга таандыктуулугуна ылайык депутаттык фракцияларга (мындан ары - фракциялар) биригишет. Депутаттык мандаттардын жарымынан көбүнө ээ болгон шаардык кеңештеги фракциялардын коалициясын түзүү жөнүндө расмий жарыялаган фракция же фракциялардын коалициясы шаардык кеңеште көпчүлүк деп саналат. Көпчүлүк фракцияларынын коалициясына кирбеген фракция же фракциялар шаардык кеңеште азчылык деп саналат.

5.2. Фракция анын түзүлгөндүгү, аталышы, тизмелик курамы, лидердин жана анын орун басарынын аты жөнү жөнүндө жазуу түрүндө кулактандырылган учурдан тартып расмий статуска ээ болот.

Фракция башка **фракциялардын депутаттарын** өзүнүн курамына киргизүүгө укугу жок.

Мөөнөтүнөн мурда чыгарылган депутаттардын ордун алмаштырган депутат тийиштүү фракциянын мүчөсү болот.

Депутаттын өзү шайлаган партиянын фракциясына кирүүдөн баш тартуусуна жол берилбейт.

5.3. Фракциянын иши төмөнкү учурларда токтотулат:

-шаардык кеңештин ыйгарым укутары токтогондо;

-шаардык кеңештин өзүн-өзү таркатышында.

Партиянын ишин токтотуу же токтото туруу шаардык кеңештеги анын фракциясынын укуктук абалына таасир этпейт.

5.4. Фракцияны фракция шайлаган лидер жетектейт.

Фракциянын лидеринин ыйгарым укуктары:

-Фракцияны шаардык кеңеште жана анын сыртында сунуштайт;

-фракциянын ишин уюштурат жана координациялайт;

- фракциянын чечимине кол коет;

- фракциянын ичинде тартипти көзөмөлдөйт;

- фракциянын чечимдерин аткарууну көзөмөлдөйт;

-фракциянын чечими боюнча сессияда талкуулаган маселе боюнча анын саясий көз карашын жарыялайт;

- фракциянын шаардык кеңештин аппараты жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсүн камсыздайт;

-катчылыктын жана эсептөө комисиясынын курамына өкүлдөрдү сунуштайт;

-фракциянын мүчөлөрүнүн шаардык кеңештин сессияларынын, туруктуу жана убактылуу комиссияларынын ишине, ошондой эле шаардык кеңештин иш чараларына катышуусун камсыздайт.

Фракциянын лидери төрөганын, төраганын орун басарынын кызматын бир убакта ээлей албайт.

## 6-глава. Депутаттык фракциялардын ишмердүүлүгү

6.1. Фракция төмөнкүлөргө укуктуу:

- шаардык кеңеште каралган маселелер боюнча саясий көз карашын билдирүүгө;

-башка фракциялар менен коалицияга биригүүгө;

- коалициянын жана фракциянын лидери шаардык кеңештин төрагасына кат түрүндө кайрылуу аркылуу шаардык кеңештин кезексиз сессиясын чакыруу жөнүндө сунуш киргизүүгө;

-фракциянын отурумуна кызыктар жактарды чакырууга, эксперттер жана адистер менен кеңешүүгө;

-шаардык кеңештин жылдык иш планы боюнча сунуш киргизүүгө;

-шаардык кеңештин туруктуу убактылуу комиссияларынын курамына талапкерлерди сунуштоого жана аларды чакырып алуу боюнча сунуш киргизүүгө;

- маселелер менен таанышуу боюнча жумушчу комиссиясыны түзүү жөнүндө сунуш киргизүүгө;

-бул же тигил маселе боюнча угууларды өткөрүү жөнүндө сунуш киргизүүгө;

-шаардык кеңештин сессияларында протоколго киргизүү үчүн ар кандай талкуулануучу маселе боюнча фракциянын өзгөчө оюн берүүгө;

-фракциянын материалдарын жана документтерин жалпыга маалымдоо каражаттарында, ошондой эле шаардык кеңештин сайтына жарыялоого;

- фракциянын иш аракаттерине болгон шайлоочулардын кайрылууларын кароого жана фракциянын тартибин күчөтүү максатында тийиштүү чараларды көрүүгө;

## 7. глава Фракциялардын коалициясы

(мындан ары-коалиция) коалициялык келишимдин негизинде иш жүрүзгөн фракциялардын ыктыярдуу биригүүсү болуп саналат.

Коалицияны коалицияга кирген фракциянын лидери же коалициянын жетекчиси көрсөтөт, эгер бул коалициялык келишимде аныкталса.

7.1. Фракциялар фракциялардын коалициясына бириге алышат. Каалаган фракциялар шаардык кеңештин көпчүлүк же азчылык коалициясына биригүүсү үчүн бул жөнүндө шаардык кеңештин сессиясында жазуу түрүндө жарыялайт, мындан кийин ал расмий статуска ээ болот.

7.2. Коалиция фракциялардын коалицияга киргендиги жөнүндө чечимдерин жана кабыл алган отурумдардын протоколдорун шаардык кеңешке тапшырат.

7.3. Коалицияга кирген фракциялардын саны экиден кем болгон учурда коалициянын ишмердүүлүгү токтотулат.

7.4. Коалициядан чыгуу жөнүндөгү чечимдерин фракция протокол түрүндө шаардык кеңешке билдирүү берүүгө тийиш.

## 8-глава. Фракциялардын шайлоочулар менен өз ара мамилеси. Шайлоочулардын суроо – талаптары

8.1. Шаардык кеңештин фракциялары шаардын социалдык, экономикалык, маданий өнүгүү программаларын ишке ашырууда жана бюджетти түзүүдө шайлоочулар менен туруктуу байланыш жүргүзөт, алардын кызыкчылыктарын эске алат.

8.2. Шаардык кеңеш белгилеген тартипке ылайык шаардык кеңештин төрагасы, анын орун басары, фракциялардын лидерлери, шаардык кеңештин туруктуу комиссияларынын төрагалары, дайыма шайлоочулар менен кабыл алууларды жана жолугушууларды өткөрүп турат.

8.3. Шаардык кеңештин фракциялары шайлоочулар менен байланышта болуп турат. Шайлоочулардын фракцияларга, депутаттарга суроо талаптарды берүү мүмкүнчүлүгү бар.

8.4. Шаардык кеңештин фракциялары мезгил мезгили менен бирок жылына бир жолудан кем эмес өздөрүнүн иши жөнүндө отчет берип турууга милдеттүү.
Фракциянын отчету каалаган убакта шайлоочулардын жыйындарында жүргүзүлөт.
Фракциянын отчет берүүсү жөнүндө белгиленген тартипте шаардык кеңеш маалымдайт.

8.5. Шаардын мэриясы жана анын түзүмдүк бөлүктөрү фракциянын мүчөлөрүн отчет берүү жана шайлоочулар менен жолугушуу үчүн зарыл шарттар менен камсыздайт.

Шаардык кеңеш фракция мүчөлөрүн отчет үчүн зарыл болгон тийиштүү сурап билүү жана маалымдоо материалдары менен өз убагында камсыздайт.

Отчеттор жана шайлоочулар менен жолугушуулар жалпыга маалымдоо каражаттарында баяндалат.

8.6. Шайлоочулардын суроо талаптарын жалпылоо, аларды алдын ала макулдашуу жана шаардык кеңештин сессиясына кароого берүү фракциянын жетекчиси аркылуу жүргүзүлөт.

Шайлоочулардын суроо талаптарын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планынын даярдалган долбоору шаардык кеңештин сессиясына кароого берилет.

8.7. Шаардык кеңештин сессиясы бул чакырылыштагы шайлоочулардын суроо талаптары жөнүндөгү токтом кабыл алат жана аларды ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планын бекитет.

Шаардык кеңештин сессиясы кээ бир суроо-талаптарды аткаруунун максатсыздыгы жөнүндө жүйөөлүү чечим кабыл алууга укуктуу.

8.8. Аймакты экономикалык жана социалдык жактан өнүктүрүү, шаардын калкын социалдык жактан коргоо, бюджетти калыптандыруу пландарын жана программаларын иштеп чыгууда, ошондой эле башка маселелер боюнча чечим даярдоодо - шайлоочулардын суроо - талаптары эске алынат.

8.9. Шайлоочулардын суроо-талаптарын ишке ашырууну шаардын мэриясы жана түзүмдүк бөлүгү ишке ашырат.

Шайлоочулардын суроо-талаптарын аткарууну көзөмөлдөөнү шаардык кеңештин аппараты менен бирге фракциялар жана жана туруктуу комиссиялар жүргүзөт.

8.10. Шайлоочулардын суроо-талаптарын ишке ашырууну камсыздаган органдар сөзсүз түрдө, шаардык кеңештин токтому менен белгиленген мөөнөттөрдө суроо талаптарды аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты берет.

Шаардык кеңештин фракцияларынын жетекчилери шайлоочулардын суроо-талаптардын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө үзгүлтүксүз маалымдап турушат.

## IV БӨЛҮМ.Шаардык кеңештин ишинин жалпы тартиби

### 9-глава. Шаардык кеңештин биринчи сессиясы

9.1. Шаардык кеңештин сессиясы кеңештин ишинин негизги уюштуруучулук – укуктук формасы болуп эсептелет. Сессияларды өткөрүүнүн тартиби жана мезгили шаардык кеңештин Регламенти менен аныкталат.

9.2. Жаңы шайланган шаардык кеңештин биринчи сессиясы шаардык кеңештин мурдагы чакырылыштагы төрагасы тарабынан шаардык кеңештин депутаттарын шайоонун натыйжалары расмий жарыяланган күндөн тартып эки жумалык мөөнөттөн кечитирилбестен чакырылат.

Шаардык кеңештин биринчи сессиясын шаардык кеңештин депутаттарынын жаш курагы боюнча улуу депутат ачып алып барат.

9.3. Шаардык кеңештин биринчи сессиясынын күн тартибине кеңештин Регламентин бекитүү, кеңештин төрагасы жана анын орун басарларын шайлоо маселелери, ошондой эле кеңештин ишин уюштуруунун башка маанилүү маселелери киргизилет.

### 10-глава. Шаардык кеңештин ишин пландоо

10.1. Шаардык кеңештин иш планы бир жылга түзүлөт. Шаардык кеңештин иш планын даярдоо шаардык кеңештин аппараты тарабынан жүргүзүлөт.

10.2. Шаардык кеңештин иш планына маселелерди сунуштоого шаардык кеңештин депутаты, шаардык кеңештин туруктуу комиссиялары, депутаттык фракциялар жана шаардын мэри укуктуу.

Шаардык кеңештин иш планындагы маселелердин мазмунун өзгөртүү, жаңы маселелерди киргизүү, маселелерди алып салуу, шаардык кеңештин сессиясынын токтому менен жол жоболоштурулат, ал эми жыл ичинде кварталдан кийинки кварталга жылдыруу тиийштүү туруктуу комиссиянын сунушу менен жылдырылат.

10.3. Шаардык кеңештин иш планын бекитүү учурунда сунушталган маселелер боюнча документтердин долбоорлорунун болушу талап кылынбайт.

### 11-глава. Сессияда каралуучу маселелерди даярдоо жана сессияда кароо тартиби

11.1. Шаардык кеңешке кароого берилген документтердин топтомунда ушул Регламентте бекитилген төмөнкүлөр камтылышы керек:

- баяндамачыны көрсөтүү менен маселени даярдоого жоопту жактын колу коюлган коштомо кат. Эгер документ шаардык кеңештин мурун кабыл алынган токтомун аткаруу үчүн даярдалса, анда коштомо катта тийиштүү шилтеме көрсөтүлөт;

-шаардык кеңештин токтомунун долбоору:

Эгер шаардык кеңештин токтомунун долбоору материалдык жана финансы ресурстарды алып келүүчү же сарптоону караштырган сунушту камтыган учурда, иштеп чыгуучулар тийиштүү эсебин да көрсөтөт (экономикалык негиздеме, смета).

11.2. Шаардык кеңештин токтомунун долбоору шаардык кеңештин аппараты тарабынан шаардык кеңештин туруктуу комиссияларына жөнөтүлөт. Шаардык кеңештин төрагасы токтомдун долборун алдын ала талкуулоону шаардык кеңештин бир же бир нече туруктуу комиссиясына сунуштоого укуктуу.

Маселени сунуштаган тарап менен биргеликте маселени сессияга даярдоого жоопту болгон туруктуу комиссия тарабынан, токтомдун долбоорун шаардык кеңештин сессиясында

кароого чейин, аны жалпы шаардык талкуулоо же депутаттык угуулар, алдын ала талкуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

11.3.Шаардык кеңештин сессиясында маселелерди кароонун негизги жол жоболору:

-баяндама, азыркы Регламентте каралган тартипте кошумча баяндамалар;

-баяндамачыларга жана кошумча баяндамачыларга суроолор жана суроонун жооптору;

-талкууланууучу маселе боюнча жарыш сөз;

-баяндамачынын жана кошумча баяндамачынын жыйынтыктоо сөзү:

-добуш берүү себеби боюнча чыгып сүйлөө

-токтомдун долбоорун негиз катары кабыл алуу;

-негиз катары кабыл алынган токтомго киргизүү;

- токтомду толук кабыл алуу боюнча добуш берүү

11.4. Токтом долбоорун талкуулоонун жыйынтыгы боюнча шаардык кеңештин сессиясы төмөнкү чечимдердин бирөөсүн кабыл алат.

1) токтом долбоорун толук кабыл алуу

2) анын жоболорун талкуулоо менен токтом долбоорун кабыл алуу

3) токтомдун долбоорун айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эсепке алуу менен анын үстүндө иштөөнү улантуу.

11.5. Токтомдун долбоорун анын жоболорун талкуулоо менен кароодо талкууланууучу жана добуш берүүгө коюлуучу жазуу түрүндө келген сунуштар угулат

Сессиянын жүрүшүндө депутат, фракция, коалиция же депутаттык топтон сессияга төрагалык кылуучуга, катчыга кат түрүндө келип түшкөн сунуш/сунуштар мыйзам талаптарына ылайык токтом долбооруна киргизилет же шаардык кеңештин туруктуу комиссиясына жеткире иштөөгө жөнөтүлөт.

Добуш берүүгө депутаттардын сунуштары биринчи коюлат, андан кийин туруктуу комиссиянын сунуштары. Эгер шаардык кеңештин сессиясы бир да сунушту жактырбаса, сунуш кабыл алынган жок деп эсептелинет.

11.6. Шаардык кеңештин ар бир токтомунда жана чечиминде аны көзөмөлдөгөн жак көрсөтүлөт.

Токтомдун же чечимдин тапшырма берүү пунктунда аткаруучу (бирөө же бир нече) жана аткаруу мөөнөтү көрсөтүлөт

11.7. Токтомду аткаруунун жүрүшү жөнүндө билдирүү угулгандан кийин шаардык кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:

-аткарылган катары токтомду көзөмөлдөн алып салууга;

-аткарылган катары токтомдун кээ бир пункттарын көзөмөлдөн алып салууга;

-көзөмөлдүк ыйгарым укуктарды узартууга;

- көзөмөлдүк ыйгарым укуктарды башка жакка же органга жүктөөгө

- токтомду жокко чыгарууга;

-кошумча токтом кабыл алууга

11.8. Көзөмөл боюнча отчеттуулук мөөнөтү токтомдун өзүндө же шаардык кеңештин төрагасы тарабынан белгиленет, ал токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөчү жакка (органга) шаардык кеңештин сессиясында билдирүү жасоону тапшырууга укуктуу.

## 12-глава. Шаардык кеңештин сессияларын өткөрүү тартиби

12.1. Шаардык кеңештин сессиясы депутаттардын жалпы санынын жарымынан көбү катышканда укук ченемдүү болот. Эгерде мыйзамда башкача каралбаса депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен чечим кабыл алынат.

12.2. Жергиликтүү кеңештин сессиялары коомчулук үчүн ачык. Ар бир жаран жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган регламентке ылайык сессияларга катышууга укугу бар. Сессияга катышкан жарандарга жарыш сөзгө чыгууга, каралып жаткан маселе

боюнча кошумча маалымат берүүгө, суроо берүүгө сессияга төрагалык кылуучунун уруксаты менен гана мүмкүнчүлүк берилет.

12.3. Шаардык кеңештин депутаттары кеңештин сессияларына катышууга милдеттүү. Кеңештин сессияларына катышууну эсепке алууну кеңештин жооптуу катчысы уюштурат. Сессияга келүү мүмкүнчүлүгү болбогон учурда депутат бул жөнүндө кеңештин төрагасына сессияга чейин билдирүүгө тийиш.

12.4. Сессияны өткөрүү мезгилинде депутаттардын ичинен ачык добуш берүү менен сессиянын катчысы көрсөтүлөт.

12.5. Шаардык кеңештин сессиясында каралуучу маселелер, докладдар, билдирүүлөр жана алар боюнча чыгып сүйлөөлөр, дем алыштар сессияны алып баруу тартибинде белгиленип депутаттардын макулдугу менен бекитилет.

12.6. Шаардык кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу», «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдарынын ченеминде аныкталат.

12.7. Сессияга катышкан шаардык кеңештин депутаттарынын саны каттоонун жыйынтыгы боюнча гана аныкталат

12.8. Бир жылдын ичиндеги жүйөөлүү себептерсиз сессияга катышпаган депутаттардын тизмеси шаардык кеңештин чечими менен жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоо үчүн берилиши мүмкүн.

Шаардык кеңештин сессияларын катары менен 4 жолу жүйөөлүү себептерсиз калтырганы, ошондой эле шаардык кеңештин чечимдерин жана тапшырмаларын аткарбагандыгы үчүн кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен шаардык кеңештин депутатын чакыртып алуу тууралуу маселесин көтөрүүгө укуктуу.

Депутаттын шаардык кеңештин сессиясын калтыруунун жүйөөлүү себептери документ менен тастыкталган оору, иш сапары, өргүү учурунда шаардан сырт жакта болгон учурда жана башка жүйөөлүү себептер эсептелинет.

12.9. Шаардык кеңештин протоколдук чечими менен шаардык кеңештин сессиясынын жумушчу органдары (катчылык, эсептөө комиссиясы, зарыл учурларда башка комиссиялар) түзүлөт.

12.10. Шаардык кеңештин сессиясынын күн тартибинде сессиянын күн тартибинин кезектеги маселелери жана аларды кароо тартиби камтылышы керек.

Шаардык кеңештин төрагасы шаардык кеңештин аппараты менен бирге даярдаган кеңештин кезектеги сессиясынын күн тартибинин долбоору депутаттарга таратылат.

12.11. Шаардык кеңештин аппараты шаардык кеңештин кезектеги сессиясына 3 күн калгандан кечиктирилбестен (эгер ушул Регламентте башкача каралбаса) бардык депутаттарга кезектеги сессиянын күн тартибинин долбоорун жана маселелерди кароо үчүн зарыл болгон материалдарды "электрондук түрдө (деп-н эл. даректерине, вацап, телеграмм аркылуу) жиберүүнү камсыз кылат."

Кезексиз сессия өткөрүү учурунда күн тартибинин долбоору жана маселелерди кароо үчүн зарыл болгон материалдар депутаттарга сессиянын алдында каттоо жүргүзүүдө таратылат.

12.12. Шаардык кеңештин сессиясын шаардык кеңештин төрагасы алып барат. Анын жогунда сессияда төрага же төраганын орун басары тапшырган, же шаардык кеңештин протоколдук чечими менен башка депутат (өзүн-өзү баш тартпаган) төрагалык кылат.

Сессияда төрагалык кылган өзү баяндамачы (кошумча баяндамачы) болгон маселени кароодо сессияны алып барууну өткөрүп берүүсү керек.

12.13. Шаардык кеңештин кезексиз сессиясы:

- шаардын мэринин кат жүзүндөгү негизделген сунуштары боюнча алгач туруктуу комиссияда каралып чакырылат;

- шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн биринин кат жүзүндөгү талабы боюнча чакырылат;

- коалиция, фракция лидеринин кат жүзүндөгү талабы боюнча чакырылат;

- шаардык кеңеш маселелердин зарылчылыгына карап, тиешелүү туруктуу комиссиянын сунушу менен чакырылат.

**12.14. Шаардык кеңештин сессиясында төрагалык кылган төмөнкүлөргө укуктуу:**

- депутаттарды сессияга “дресс код” талаптарына ылайык кийинүүгө чакыруу;

-эгер сөз сүйлөп жаткан Регламентти бузса, күн тартибинен тышкары сөз сүйлөсө, жүрүш-туруш этика эрежелерин сактабаса, ага сөз берилбейт;

- шаардык кеңештин аппаратынын кызматкерин сессиянын өтүшүн камсыздоо үчүн чакырууга;

- депутаттарга жана кызматтык жактарга маалым кат алуу үчүн кайрылууга;

- пландалбаган кайым айтыштарды токтотууга;

- сессиянын жыйындар залында өзгөчө жагдайлар пайда болгон учурда, ошондой эле коомдук тартип одоно бузулганда сессияны токтотууга, укук коргоо органдарынын өкүлдөрүн чакырууга же танапис жарыялоого;

- эгерде депутат Регламентти бузуп жатса, кеңештин сессиясын өткөрүүгө жолтоо кылса, төрагалык кылуучунун эскертүүсүн эске албаса, башка депутаттар же сессиянын катышуучулары менен кайым айтышса, күн тартибинен башка маселе боюнча сүйлөсө, этикага жатпаган сөздөрдү пайдаланса, чыгып сүйлөөчүнү эскертүүгө, эгерде кайталап мындай бузууларга жол берсе, чыгып сүйлөөчүгө сөз бербөө жөнүндө добушка коюуга.

- ушул главанын 12.14. пунктарынын 7-мамычасынын жоболорун биринчи жолу бузганда, төрагалык кылуучу эскертүү берет жана ушул Регламент менен белгиленген тартипти сактоо талабы менен кайрылат. Кайрадан жана андан кийин да тартип бузуулар болсо, ага карата ушул главада каралган чара көрүү колдонулат.

- депутатка жана жергиликтүү кеңештин сессияларына катышкандарга карата колдонулган чаралар сессиянын протоколунда белгиленет.

**12.15. Шаардык кеңештин сессиясында төрагалык кылган төмөнкүлөргө милдеттүү:**

-Регламентти сактоого жана сессиянын күн тартибин кармануугa;

-сессияда депутаттардын укуктарын сактоону камсыздоого

- сессиянын жыйындар залында тартипти сактоону камсыздоого

-сөз сүйлөө регламентинин убактысын сактоого, сөз сүйлөп жатканга белгиленген убакыттын өтүшү тууралуу өз убагында эскертүүгө, көзөмөл жүргүзүүгө

- бардык келип түшкөн сунуштарды белгилөө жана келип түшкөн тартиби боюнча добушка коюуга, добуш берүүнүн жыйынтыгын билдирүүгө;

- кезеги менен сөз берүүгө;

-сессияны өткөрүүнүн тартиби боюнча депутаттардын сунуштарын угууга (окуу) жана добушка кезексиз коюуга, анын ичинде өзүнүн альтернативалуу сунуштарын сунштоого;

-сессиянын катышуучуларына сый урмат көрсөтүүгө, сессиянын катышуучуларынын сөз сүйлөгөндөрүнө жеке эскертүү жана баа берүүдөн өзүн өзү тыюуга, сөз сүйлөгөндөн кийин түшүндүрмө берүүгө.

- эреже жана жол жобо боюнча комиссиянын өкүлдөрүнүн билдирүүлөрүн жана түшүндүрмөлөрүн эске алууга;

- аталыш боюнча добуш берүүгө коюлган сунуштарды редакциялоого жана аталыш боюнча добуш берүүнүн бланктарын толтурууну жетектөөгө;

**13-глава Депутаттык мандат**

13.1 Депутаттык мандат төш белги менен аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы кол койгон күбөлүк менен ырасталат

13.2. Депутаттык мандатты колдонуу төмөнкүдөй учурда токтотулушу мүмкүн:

1) Туруктуу жашоосунда депутаттык функцияларын натыйжалуу жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк бербеген башка жерге туруктуу жашоого көчүп кеткенде;
2) Депутаттык ыйгарым укугун ыктыярдуу тапшырганда;
3) Мыйзамда каралган кызматтарды айкалыштырууга мүмкүнчүлүк болбогон кырдаалдар пайда болгондо;
4) Депутаттык мандатты адам тарабынан белгиленген тартипти бузуу менен алынгандыгы аныкталганда (шайлоонун натыйжалары анык эмес деп табылганда же шайлоонун натыйжалары четке кагылганда);
5) Депутат соттун чечими боюнча аракетке жөндөмсүз же жөндөмү чектелүү деп табылганда;
6) Депутат өлгөндө же дайынсыз жок же өлдү деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;
7) Депутатка карата соттун айыптоочу өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде;
8) Кеңеш таркатылганда;

## 14-глава. Добуш берүү жана чечим кабыл алуу тартиби

14.1. Шаардык кеңеш чечимдерди сессияда ачык же жашыруун добуш берүү жолу менен кабыл алат.

Ушул Регламентте белгиленген добуш берүүнүн түрүн өзгөртүү тууралуу шаардык кеңештин чечими шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

Бардык маселелер боюнча добуш берүү шаардык кеңештин отурумунун протоколуна киргизилет.

14.2. Бир маселе боюнча добуш берүүдө, чечим чыгарууга «Макул», «Каршы» же «Чечим кабыл алууда калыс калуу» менен шаардык кеңештин депутаты бир добушка ээ.

14.3. Ачык добуш берүүнүн алдында сессиянын төрагасы сессияда добуш берүүгө канча сунуш коюларын, канчалык көпчүлүк добуш менен чечим кабыл алынарын билдирет.

Добуштарды эсептөөдөн кийин сессиянын төрагасы чечим кабыл алынгандыгын же кабыл алынбагандыгын (четке кагылгандыгын) билдирет.

Кворум жок болсо, сессиянын төрагасы добуш берүүнү шаардык кеңештин сессиясынын кийинки отурумуна жылдырат.

14.4. Жашыруун добуш берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

Жашыруун добуш берүү бюллетендерди пайдалануу менен жүргүзүлөт.

Жашыруун добуш берүүнү өткөрүү жана анын жыйынтыктарын аныктоо үчүн шаардык кеңеш шаардык кеңештин депутаттарынын ичинен эсептөө комиссиясынын курамын аныктайт. Шайлоочу органдардын курамына көрсөтүлгөн депутаттар эсептөө комиссиясынын курамындагы өзүнүн ишин добуш берүү учурунда токтото турушат.

Эсептөө комиссиясы өзүнүн курамынан комиссиянын төрагасын жана катчысын шайлайт. Эсептөө комиссиясы өзүнүн чечимдерин өзүнүн мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алат.

Жашыруун добуш берүү үчүн бюллетендер эсептөө комиссиясынын сунушу жана шаардык кеңештин чечими менен бекитилген формада жана санда шаардык кеңештин депутаттарынын тийиштүү саны боюнча эсептөө комиссиясынын көзөмөлүндө даярдалат. Добуш берүү бюллетендеринде чечимдин долбоору боюнча «Макул», «Каршы» жооптордун түрлөрү каралышы керек. Эсептөө комиссиясында калган бюллетендер Эсептөө комиссиясынын мүчөлөрүнүн катышуусунда анын төрагасы тарабынан жок кылынат. Добуш берүүнүн убактысы жана орду, аны өткөрүү тартиби ушул Регламентке ылайк эсептөө комиссиясы тарабынан белгиленет жана эсептөө комиссиясынын төрагасы тарабынан жарыяланат.

14.6. Шаардык кеңештин ар бир депутатына анын депутаттык күбөлүгүнүн көрсөтүүсүндө, депутаттардын тизмесине ылайык, жашыруун добуш берүү үчүн бир

бюллетень берилет, ал жөнүндө депутат көрсөтүлгөн тизмедеги аты жөнүнүн тушуна кол коет. Ар бир бюллетендин арткы бети эсептөө комиссиясынын мүчөлөрү менен кол коюлууга тийиш.

Жашыруун добуш берүү үчүн бюллетень эсептөө комиссиясы печаттаган атайын ящикке салынат.

Эсептөө комиссиясы депутаттардын жашыруун оюн билдирүүгө шарттарды түзүп берүүгө милдеттүү.

Депутаттардын добушун эсеептөөдө белгисиз түрдөгү, депутаттардын ою аныкталбаган бюллетендер жараксыз деп эсептелинет. Добуштарды эсептөөнү бюллетенге кошумча киргизүү эсептелбейт.

Жашыруун добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча эсептөө комиссиясы протокол түзөт, ал эсептөө комиссиясынын бардык мүчөлөрү менен кол коюлат. Эсептөө комиссиясынын төрагасынын баяндамасынын негизинде сессиянын төрагалыгы чечим кабыл алынгандыгын же кабыл алынбагандыгын жарыялайт. Жашыруун добуш берүүнүн жыйынтыгы шардык кеңештин токтому менен жол жоболоштурулат.

Добуш берүүнүн жүрүшүндө каталыктар аныкталса, шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушунун чечими менен добуш берүү кайрадан өткөрүлөт.

14.7. Тартиптик маселелер боюнча чечим добуш берүүдө катышкан депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат, эгер ушул Регламентте башка тартип каралбаса.

14.8. Добушка коюлуучу сунуштар жана оңдоолор жарыяланат жана алардын демилгечилери аталат

**15-глава. Шаардык кеңештин сессияларынын отурумдарынын протоколдору жана стенограммалары.**

15.1. Шаардык кеңештин сессияларында протокол жүргүзүлөт. Сессиялардын отурумдарынын протоколдорун жол жоболоштуруу шаардык кеңештин аппараты тарабынан жүргүзүлөт. Шаардык кеңештин отурумдарынын протоколдорунда төмөнкүлөр чагылдырылат: отурумду өткөрүү датасы; убактысы; орду; отурумда катышкан депутаттардын саны; сессиянын күн тартибиндеги маселелер; бул сессия үчүн депутаттарга таркатылган документтердин аталышы жана редакциясы; сессиянын төрагалыгынын жана сөз сүйлөөчүлөрдүн аты жөнү; добушка коюлган бардык маселелер жана сунуштар, алардын чечилиши; добуш берүүнүн жыйынтыктары жана кабыл алынган чечимдер

Протоколго шаардык кеңештин сессиясына төрагалык кылган депутат жана сессиянын катчысы кол коет.

Эгерде шаардык сессияда төрагалык кылуучу баяндамачы болгон учурда орун басарына төрагалыкты өткөрүп берүүгө тийиш.

15.2. Шаардык кеңештин сессиясында стенограмма үчүн жазуу жүргүзүлөт. Стенограмманы шаардык кеңештин аппараты жүргүзөт. Сессиянын ачык отурумунун стенограммасы атайын чыгарылыш менен жарыяланышы мүмкүн.

Сессиянын стенограммасы талкуунун жана чечимдерди кабыл алуунун жүрүшүн, ошондой эле сессиянын отурумун өткөрүүнүн датасы, убактысы жана орду: сессиянын күн тартибин; сессиянын төрагалыгынын аты жөнү толук чагылдырылышы керек.

**16-глава. Шаардык кеңештин ченемдик укуктук актылары.**

16.1. Шаардык кеңештин ченемдик укуктук актылары токтом түрүндө кабыл алынат.

16.2. Шаардык кеңештин токтомдору сессияда шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса.

16.3. Шаардык кеңештин токтомдоруна шаардык кеңештин төрагасы кол коет. Шаардык кеңештин төрагасы жок болгон учурларда, шаардык кеңештин токтомдоруна, арыздарына жана кайрылууларына шаардык кеңештин төрагасынын орун басары коет.

16.4. Шаардык кеңештин ишин уюштуруунун башка маселелерин кароонун жыйынтыгы, эгер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Регламентте аларды жол жоболоштуруунун тартиби белгиленбесе, токтом менен жол жоболоштурулат.

16.5. Жергиликтүү кеңеш тарабынан ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган ченемдик укуктук актылар тиешелүү аймакта менчигинин түрүнө карабастан бардык ишканалар, уюмдар жана мекемелер тарабынан аткаруу үчүн милдеттүү

16.6. Жергиликтүү кеңештин төрагасынын ыйгарым укуктарынын чегинде ыкчам, уюштуруу жана кадр маселелери боюнча кабыл алынган чечимдери тескеме түрүндө жеке өзү гана тарабынан кабыл алынат.

## V БӨЛҮМ. Шаардык кеңештин регламенти.

### 17-глава. Шаардык кеңештин регламентине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби

17.1. **Коалиция лидери, фракция лидери, жоопту** туруктуу комиссия жана депутаттардын жалпы санын көпчүлү**гүнүнкат жүзүндөгү талабы** менен шаардык кеңештин Регламентине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүүгө уруксат берилет

17.2. Шаардык кеңештин Регламентинин жоболорун түшүндүрүү жана анын сакталышын көзөмөлдөө шаардык кеңештин **тиешелүү туруктуу комиссиясына жүктөлөт**. Шаардык кеңештин Регламентинин жоболорун түшүндүрүү шаардык кеңештин сессияларында берилет.

17.3. Регламентке толуктоолор жана өзгөртүүлөр шаардык кеңештин сессиясында биринчи кезекте каралат

17.4. Шаардык кеңештин Регламентин бузуу менен кабыл алынган чечимдер аларды кабыл алган учурдан тартып жараксыз деп эсептелинет.

Бул регламент Кыргыз Республикасынын Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө",

«Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамдарына ылайык иштелип чыккан жана шаардык кеңештин иш тартибин аныктайт.

Төрага: Р.М.Жайнаков